КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
КӨТӨРМӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОТОРМИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Көтөрмө айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезектеги XXXI сессиясынын**

**№31/12 Токтому**

**Кызыл-Булак айылы.** **12.01.2024-жыл**

**2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Көтөрмө айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы боюнча отчетту угуу, 2024-жылга карата бюджетти бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап, Көтөрмө айыл өкмөтүнүн ФЭБ нүн башчысы У. Мадумаровдун 2023-жылдагы бюджеттин аткарылышын жана 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдар үчүн болжолдуу көлөмүн " Кыргыз Республикасынын 2023-жылга Республикалык бюджеттери жөнүндө №317 4-V" мыйзамдардын негизинде түзүлүп, сунушталып жаткандыгы жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Көтөрмө айылдык кенешинин бюджет жана финансылык маселелер боюнча туруктуу комиссиясында каралгандыгын эске алуу менен Көтөрмө айылдык кеңешинин сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Көтөрмө айыл өкмөтүнүн ФЭБ нүн башчысы У. Мадумаровдун 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча берген отчету жактырылсын.
2. Көтөрмө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджети киреше бөлүгү 24 683,4 миң сом, чыгашалары боюнча жетишпестигин эске алуу менен 24683,4 миң сом өлчөмүндө №1,2 тиркемелерге ылайык бекитилсин(тиркеме тиркелет)
3. Көтөрмө айыл өкмөтүнүн 2025-жылгы бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоору 24 776, 9 миң сомго №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.(тиркеме тиркелет)
4. Көтөрмө айыл өкмөтүнүн 2026-жылгы бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоору 25622,9 миң сомго №4 тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркеме тиркелет)

5. 2024-жылга Көтөрмө айыл өкмөтүнүн бюджетинен каржылануучу чыгымдары, анын киреше бөлүгүнүн аткарылышына жараша, биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча эмгек акы, соц фонд чегерүүлөрү, тамак-аш, коммуналдык кызмат беренелерине чыгымдоолор жүргүзүлсүн.

6. Көтөрмө айыл өкмөтүнүн 2024-жылгы бюджетинен чыгашалардын корголгон беренелерине каралган каражаттар, штаттык бирдиктер нормативдик актылар өзгөргөндө азайтылышы же көбөйтүлүшү мүмкүн.
7. Айыл өкмөттүн бюджеттик мекеме уюмдар тарабынан бюджеттик каражаттарды регионалдык казына бөлүмүнө кириштелбей туруп, сарптоого тыюу салынсын.
8. Көтөрмө айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджети 2024-жылдын 1-январынан баштап ишке киргизилсин
9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана финансылык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Бактыбаев**